КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 1/2017

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрага: Сыдыков А.К.
Коллегия мүчөлөрү: Темиров К.А.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Куанбек кызы Н.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 61 10 38 телефону
факс: (996 312) 61 10 59 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 61 08 59 телефону
факс: (996 312) 61 09 92 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат.**
**Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу –** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «M-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Горький көчөсү, 48/1-6.
2017-жылдын 3-октябрында басууга кол коюлган.
2017-жылдын 8-октябрында басылган.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2017-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

**Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики**

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Сыдыков А.К.
Члены коллегии: Темиров К.А.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Ответственный секретарь: Куанбек кызы Н.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридическое управление:
телефон: (996 312) 61 10 38
факс: (996 312) 61 10 59
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 61 08 59
факс: (996 312) 61 09 92
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики.**
**Предположительная периодичность издания журнала – один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima».
г. Бишкек, ул. Горького, 48/1-6
Подписано в печать 3 октября 2017 года.
Отпечатано 8 октября 2017 года года.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2017 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

***Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики***

Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешнеэкономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках.

# МАЗМУНУ:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-февралындагы № 5/1 «Кыргыз Республикасынын расмий акча бирдиги - сомдун графикалык символун жалпы колдонууга киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 9-февралында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........................................................................................10

2. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-февралындагы № 5/3 «Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 1-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) .........................................................................13

3. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 22-февралындагы № 6/3 «Адистештирилген финансы-кредиттик мекемеси - «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсынын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 1-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)..... 19

4. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 22-февралындагы № 6/4 “Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтому (2017-жылдын 3-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ........................................................................................21

5. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 22-февралындагы № 6/5 «Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 1-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) .......................................36

6. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 22-февралындагы № 6/6 «Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 27-августундагы № 22/9 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишинде сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен түзүлгөн негизги документтер тизмеги жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтому (2017-жылдын 2-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган).....50

7. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 24-февралындагы № 7/1 «Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 27-февралында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ..........................................................................55

8. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 27-февралындагы № 8/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 28-февралында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ......................................57

9. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 10-мартындагы № 10/1 «Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 27-ноябрындагы № 45/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоону жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2017-жылдын 13-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ..........................................................................58

10. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 27-мартындагы № 13/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 28-мартында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ......................................61

# СОДЕРЖАНИЕ:

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 8 февраля 2017 года № 5/1 «О введении во всеобщее использование графического символа официальной денежной единицы Кыргызской Республики – сом» (опубликовано на сайте Национального банка 9 февраля 2017 года) ..................................62

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 8 февраля 2017 года № 5/3 «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Государственного классификатора платежного оборота» от 30 ноября 2007 года № 51/4 (опубликовано на сайте Национального банка 1 марта 2017 года).........................65

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 22 февраля 2017 года № 6/3 «О минимальном размере уставного капитала специализированного финансово-кредитного учреждения ОАО «Финансовая компания кредитных союзов» (опубликовано на сайте Национального банка 1 марта 2017 года)...........................................................................................71

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 22 февраля 2017 года № 6/4 «О внесении изменений и дополнений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на сайте Национального банка 3 марта 2017 года)..............................73

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 22 февраля 2017 г. № 6/5 «О внесении дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке размещения, повторного предложения, доразмещения, обратного выкупа и проведения расчетов с государственными ценными бумагами Правительства Кыргызской Республики через Национальный банк Кыргызской Республики» от 26 июня 2013 года № 20/1 (опубликовано на сайте Национального банка 1 марта 2017 года).........................88

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 22 февраля 2017 года № 6/6 «О внесении изменений и дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О Перечне основных документов, образующихся в деятельности коммерческих банков и финансово-кредитных учреждений, лицензируемых Национальным банком Кыргызской Республики, с указанием сроков хранения» от 27 августа 2004 года № 22/9 (опубликовано на сайте Национального банка 2 марта 2017 года)........................................................................101

7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 24 февраля 2017 года № 7/1 «О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «Об электронных деньгах в Кыргызской Республике» от 30 марта 2016 года № 15/6 (опубликовано на сайте Национального банка 27 февраля 2017 года)........................................................................................106

8. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 27 февраля 2017 года № 8/3 «О размере учетной ставки Национального Банка Кыргызской Республики» (опубликовано на сайте Национального банка 28 февраля 2017 года)....................108

9. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 10 марта 2017 года № 10/1 «О внесении дополнения и изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О порядке проведения Национальным банком Кыргызской Республики кредитных аукционов для целей рефинансирования и поддержания ликвидности» от 27 ноября 2013 года № 45/13 (опубликовано на сайте Национального банка 13 марта 2017 года).........................109

10.Постановление Правления от 27 марта 2017 года № 13/1 «О размере учетной ставки Национального Банка Кыргызской Республики» (опубликовано на сайте Национального банка 28 марта 2017 года) ........................................................................... 113

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУКБАНКБАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 8-февралындагы № 5/1**

### Кыргыз Республикасынын расмий акча бирдиги – сомдун графикалык символун жалпы колдонуууга киргизүү жөнүндө

Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 27-октябрындагы № 43/4 “Кыргыз Республикасынын расмий акча бирдиги – сомдун графикалык символун бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 43-беренесине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын расмий акча бирдиги – сомдун графикалык символу жалпы колдонууга киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Коммерциялык банктарга, банктык эмес финансы-кредит мекемелерине, башка юридикалык жактарга, ошондой эле жеке адамдарга графикалык символду өндүрүштө, товарлар, иштер жана кызмат көрсөтүүлөр рыноктору боюнча жарнамаларды, маалыматтык материалдарды даярдоодо, жайгаштырууда жана жайылтууда, ошондой эле башка максаттарда өлкөнүн расмий акча бирдиги-сомду билдирген белги катары колдонуу сунушталсын.

3. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды жана банктык эмес финансы-кредит мекемелерин тааныштырсын.

4. Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмү маалыматтык билдирүүнү Улуттук банктын расмий сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылышын камсыз кылсын.

5. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

6. Токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Председатель** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 8-февралындагы № 5/1**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын расмий акча бирдиги – сомдун

## Графикалык символу



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 8-февралындагы № 5/3**

### Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7, 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Төлөм системалары башкармалыгы бул токтомду белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткөртүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине жөнөтсүн.

3. Юридика башкармалыгы:

− Улуттук статистика комитетинде каттоодон өткөндөн кийин токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомдун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн аны Кыргыз Респубикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы, Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы Улуттук банктын Башкы

китебиндеги, Пакеттик клиринг системасындагы жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы төлөм коддорунун маалымдамасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизишсин.

6. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин, коммерциялык банктарын тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т.Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 8-февралындагы № 5/3**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторунун:

− «Киришүү» бөлүгүндөгү «Мамлекеттик бюджетке кирешелер боюнча төлөмдөр», «Мамлекеттик бюджеттен чыгашалар боюнча төлөмдөр», «Бюджеттик уюмдардын активдери жана милдеттенмелери менен операциялар боюнча төлөмдөр» бөлүктөрүнө код белгилөө жана классификациялоо системасы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2008-жылдын 9-декабрындагы № 203-п буйругу менен бекитилген, ушул операциялардын классификациялык структурасына ылайык түзүлгөн» «2008-жылдын 9-декабрындагы № 203-п» реквизити «2016-жылдын 2-мартындагы № 32-п» реквизитине өзгөртүлсүн;

− 11520000 «Ташып келүүлөргө бажы алымдары» тобу 11525000 «Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү суммаларын которуу боюнча мүчө-мамлекеттердин милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар» жана 11526000 «Чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду» чакан топтору тийиштүү элементтери менен толукталып төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| Төлөмдүн коду | Төлөм багытынын аталышы |
|---|---|
| **11525000** | **Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү суммаларын которуу боюнча мүчө-мамлекеттердин милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар** |
| 11525100 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Казакстан Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525200 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Беларусь Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525300 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Россия Федерациясынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525400 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Армения Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| **11526000** | **Чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду** |
| 11526100 | Казакстан Республикасынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| 11526200 | Беларусь Республикасынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| 11526300 | Россия Федерациясынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| 11526400 | Армения Республикасынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |

»;

14150000 «Ижара акысы» тобунун аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| Төлөмдүн коду | Төлөм багытынын аталышы |
|---|---|
| **14150000** | **Ижара акысы жана ресурстарды иштеп чыгуу жана пайдалануу үчүн төлөө** |

»;

− 14152000 «Жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн акы» чакан тобунун 14152200 «Жайыт ижарасы үчүн акы» элментинин аталышы «Жайыт жерлерин пайдалангандык үчүн төлөө» болуп өзгөртүлүп жана ушул топтон 14152300 «Айыл четиндеги жайыттардын ижарасы үчүн акы», 14152400 «Интенсивдүү пайдалануудагы зонадагы жайыт ижарасы үчүн акы», 14152500 «Алыскы жайыт ижарасы үчүн акы» элементтери алынып салынып төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| Төлөмдүн коду | Төлөм багытынын аталышы |
|---|---|
| **14152000** | **Жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн акы** |
| 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы |
| 14152200 | Жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн акы |
| 14152600 | Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижарасы үчүн акы |
| 14152700 | Токой ресурстарын пайдалангандыгы үчүн акы |
| 14152800 | Суу ресурстарын пайдалангандыгы үчүн акы |
| 14152900 | Жаратылыш активдерин пайдалангандыгы үчүн башка төлөмдөр |

»;

− 22100000 «Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу» тобу төмөнкү редакциядагы 22190000 «Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьяда берилген чыгашалар» чакан топ менен толукталсын:

«

| Төлөмдүн коду | Төлөм багытынын аталышы |
|---|---|
| **22190000** | **Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьяда берилген чыгашалар** |
| **22191000** | **Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьяда берилген чыгашалар** |

| | |
|---|---|
| 22191100 | Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү статьяда берилген чыгашалар |

»;

− 22351000 «Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы» чакан тобу 22351900 «Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы» элементи менен толукталып төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| Төлөмдүн коду | Төлөм багытынын аталышы |
|---|---|
| **22351000** | **Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы** |
| 22351100 | Лифтти колдонуу үчүн акы |
| 22351200 | Унаа токтотуучу жайлардын жана гараждардын ижарасына акы |
| 22351900 | Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы |

»;

− 27115000 «Калкты медициналык камсыздандыруу» чакан тобу төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| Төлөмдүн коду | Төлөм багытынын аталышы |
|---|---|
| **27115000** | **Калкты медициналык камсыздандыруу** |
| 27115100 | 16 жашка чейинки балдарды медициналык камсыздандыруу |
| 27115200 | Пенсионерлерди медициналык камсыздандыруу |
| 27115300 | Социалдык жөлөк пул алган адамдарды медициналык камсыздандыруу |
| 27115400 | Студенттерди медициналык камсыздандыруу |
| 27115500 | Жумушсуздарды медициналык камсыздандыруу |
| 27115600 | Аскер кызматчыларын медициналык камсыздандыруу |

».

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/3**

## Адистеширилген финансы-кредиттик мекемеси - «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсынын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө

Адистеширилген финансы-кредиттик мекемеси – «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсынын (“КСФК» ААКсы) туруктуу жана натыйжалуу иш алып барып, өнүгүүсүн камсыз кылуу, кредиттик союздар системасынын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 31-беренесине, «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдын 11 жана 39-1-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. “КСФК» ААКсынын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү 2025-жылдан тартып кеминде 300 млн. сом өлчөмүндө белгиленсин.

2. “КСФК» ААКсынын Директорлор кеңеши:

− 2017-жылдын 15-мартына чейинки мөөнөттө уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн этап боюнча көбөйтүүнү караган 2017-2025-жылдарга иш-чаралар планын иштеп чыгып, Улуттук банктын кароосуна сунуштасын;

− 2017-жылдан тартып, уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү ченемин ушул пунктта көрсөтүлгөн Пландын ченемдерине ылайык келтирүү боюнча маалыматтарды жыл сайын жылдык отчет менен бирге сунуштап турсун.

3. «КСФК» ААКсына ушул токтомдун 1-пунктунун талабы толук аткарылганга чейин жыл жыйынтыгы боюнча алынган таза пайданын

кеминде 75 пайызын жыл сайын уставдык капиталды көбөйтүүгө багыттап турууга көрсөтмө берилсин.

4. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 12-декабрындагы № 48/9 «Адистешириилген финансы-кредиттик мекемеси - «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсынын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

5. Тышкы көзөмөл башкармалыгы 5 (беш) жумушчу күнү ичинде ушул токтом менен «КСФК» ААКсын тааныштырсын.

6. Юридика башкармалыгы

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялагандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

7. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

8. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н. Жениш**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/4**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» Жобонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө»;

− 2012-жылдын 29-августундагы № 36/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө;

− 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

− 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

− 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/13 «Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, адистештирилген финансы-кредит мекемеси – «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

4. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 токтому менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун 4.2-пунктунун 4.2.4-пунктчасынын талабы, ушул токтом күчүнө киргенден кийин берилген жаңы кредиттерге да таркатылат.

6. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 токтому менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун 22-2-пунктунун талабы, ушул токтом күчүнө киргенден кийин сунушталган каржылоолорго таркатылат.

7. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/4**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу, жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» Жобонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу, жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» Жобонун:

− 2.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2.2. Банктын мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдери катары төмөнкүлөрдү түшүнүү зарыл:

− баланс боюнча эсепке алынган негизги сумма (бөлүптөлөнгөн пландык төлөмдөрдү кошо алганда) 30 күн же андан көп убакыттан бери төлөнбөгөн төлөмдөр;

− 30 күн же андан көп убакыттан бери төлөнбөй келген пайыздык төлөмдөр;

− офердрафт түрүндө берилген кредиттер, эгерде алар төлөө графигин белгилөөсүз жүзөгө ашырылса жана алар боюнча пайыздар 30 күн же андан көп убакыттан бери төлөнбөсө. »;

− 2.3-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын.

− 4.2-пункт төмөнкү мазмундагы 4.2.4-пунктча менен толукталсын:

«4.2.4. Банк, эгерде эффективдүү пайыздык чен кредит берүү учурунда Улуттук банк тарабынан жарыяланган чет өлкө валютасында берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченден 2 пайыздык пунктка төмөн болгон болсо, карыз алуучунун киреше түзүмүнө карабастан, чет өлкө валютасындагы кредит

боюнча 1% өлчөмүндө РППУ түзүүгө тийиш (мында, Өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен сунушталган кредиттерди эске албаганда) (*).

(*) Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченге тиешелүү маалымат Улуттук банктын www.nbkr.kg дареги боюнча расмий сайтында жайгаштырылган.»;

− 4.3-пункттун 4.3.2-пунктчасынын:

экинчи абзацындагы «күрөө менен» деген сөз алынып салынсын;

төртүнчү абзац күчүн жоготкон катары таанылсын;

тогузунчу абзац төмөнкү мазмунда берилсин:

«- Жобонун 7.6-пунктунун шарттарына туура келген классификацияланган активдерди реструктуризациялоо;»;

төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«- реструктуризациялоо күнүнө карата классификацияланган активдер белгисине ээ болбогон реструктуризацияланган актив.»;

− 5.1- пункттун:

5.1.2-пунктчасынын:

экинчи абзацындагы «60» деген сан «90» дегенге алмаштырылсын;

үчүнчү, сегизинчи, тогузунчу жана онунчу абзацтар күчүн жоготкон катары таанылсын;

алтынчы абзацтагы «30» деген сан «60» дегенге алмаштырылсын.

− төмөнкү мазмундагы 5.1.4-пунктча менен толукталсын:

«5.1.4. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 90 күнгө узарып кеткен шартта, актив «субстандарттык» катары классификацияланууга тийиш. Жобонун 4.1-пунктуна ылайык күрөөлүк камсыздоого ээ активдерди эске албаганда, мындай активдин сапаттык белгилери активди классификациялоо категориясын жакшырта албайт;»;

− төмөнкү мазмундагы 5.1.5-пунктча менен толукталсын:

«5.1.5. Эгерде «байкоого алынган актив» катары классификацияланган активди реструктуризациялоодон улам 30 күндөн көбүрөөк убакыт мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр келип чыкса же мындай актив кайрадан реструктуризацияланган болсо, анда бул актив «субстандарттык» катары классификациялануууга тийиш».

Мында, ошол «субстандарттык» актив анын суммасынын эң аз дегенде 120%ын түзгөн кыймылсыз мүлк түрүндөгү күрөө менен камсыздалган болсо, анда банк кайрадан реструктуризациялагандан кийинки бир жыл ичинде 15% өлчөмүндө РППУ түзүшү мүмкүн.;»

− 5.2-пункттун:

5.2.2-пунктчасынын:

экинчи абзацы төмөнкү мазмунда берилсин:

«- негизги сумма жана/же пайыздар боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 90 күндөн 180 күнгө чейин созулуп кетсе;»

үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- карызды төлөө негизинен күрөөнүн сатып өткөрүлүшүнө жараша болот. Мында, күрөө карыздын негизги суммасын, келишимге ылайык бардык пайыздарды жана күрөөлүк укуктарды сатып өткөрүүгө байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон бардык чыгымдардын ордун жабуу үчүн жетиштүү өлчөмдөгү сатууда өтүмдүү кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк формасындагы болууга тийиш. Күрөө төмөнкү мөөнөттөрдө сатып өткөрүлүшү болжолдонууда:

а) кыймылсыз мүлк - 365 күндөн кечиктирбестен;

б) кыймылдуу мүлк - 120 күндөн кечиктирбестен;»;

төмөнкү мазмундагы 5.2.3-пунктча менен толукталсын:

«5.2.3. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 180 күнгө созулуп кеткен шартта, актив «шектүү» катары классификациялануага тийиш. Жобонун 4.1-пунктуна ылайык күрөөлүк камсыздоого ээ активдерди эске албаганда, мындай активдин сапаттык белгилери активди классификациялоо категориясын жакшырта албайт.».

− 5.3-пункттун:

5.3.2-пунктчасынын:

экинчи абзацы төмөнкү мазмунда берилсин:

«- 180 күн жана андан ары узарып кеткен мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз;»

үчүнчү, тогузунчу абзацтар күчүн жоготкон катары таанылсын;

− төмөнкү мазмундагы 5.3.3-пунктча менен толукталсын:

«5.3.3. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 360 күнгө созулуп кеткен шартта, актив «жоготуу» катары классификацияланууга тийиш. Жобонун 4.1-пунктуна ылайык күрөөлүк камсыздоого ээ активдерди эске албаганда, мындай активдин сапаттык белгилери активди классификациялоодо эске алынбайт.».

− 7-бөлүк төмөнкү редакцияда берилсин:

«7. Реструктуризацияланган кредиттерди классификациялоо

7.1. Реструктуризацияланган кредиттер - бул, банк кредиттөө шарттарына буга чейин жөнгө салынган кредиттөө тажрыйбасынан айырмаланган өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же кредиттик келишимге карата кошумча келишим түзүү аркылуу) кардарга өз алдынча преференция (жеңилдик) берүү менен сунушталган кредиттер. Мында, пайыздык ченди жана/же негизги карыз суммасын/пайыздарды төлөөгө чейин кредит мөөнөтүн узартуу келечекте күтүлүп жаткан акчалай агымдын өзгөрүшүнө алып келет.

Реструктуризация дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүү зарыл:

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу, ага кредитти төлөө боюнча мурдагы тажрыйбадан айырмаланган, алда-канча ыңгайлуу шарттарды сунуштоо аркылуу колдонуудагы кредиттик келишим шарттарын өзгөртүү;

− карыз алуучу банк сунуштаган кредитти башка кредит ордун жабууга пайдаланса (негизги суммасы же пайыздар боюнча карыз орун алса), ошондон улам карызгер финансылык кыйынчылыкка дуушар болсо, активди толугу менен же анын бөлүгүн кайра каржылоо;

− кредиттин негизги суммасынын бөлүгүн эсептен алып салуу (кечүү) аркылуу келишим шарттарын өзгөртүү.

Кредит боюнча келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү жана анын кайра каржыланшы жана бул кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланышпаса, кредитти реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, кредит валютасын чет өлкө валютасынан улуттук же башка валютага которуу).

7.2. Кардардын реструктуризацияланган актив боюнча финансылык кыйынчылыкка дуушар болушу ыктымалдыгын шарттаган көрсөткүчтөн болуп төмөнкү жагдайлар саналат:

− ал боюнча реструктуризациялоо ишке ашырылган жана акыркы 3 ай ичинде кеминде бир жолу төлөмдөрдү төлөө толугу менен же алардын бөлүгү 30 күндөн көбүрөөк кечиктирилген классификацияланбаган кредит, же;

− кардар ошол банктан катар алган кредит боюнча негизги сумманы же пайыздарды толугу менен же алардын бөлүгүн төлөөнү, кредитти кайра каржылоого чейинки акыркы 3 ай ичинде кеминде 1 жолу 30 күндөн көбүрөөккө кечиктирген учурда, кайра каржыланган кредит боюнча.

7.3. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

7.4. Классификацияланган реструктуризацияланган актив Жобонун 7.6-пунктунун шарттары аткарганга чейин классификацияланбаган кредиттерге чегерилбейт.

7.5. Карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда ошол кредит боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен кредит боюнча карыздын бир бөлүгүн төлөө аркылуу кредиттик келишимге өзгөртүүлөрдүн киргизилиши кредитти реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.

7.6. Банк, төмөнкү шарттар аткарылган болсо классификацияланган активди «байкоого алынган актив» категориясына которушу мүмкүн:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жок болсо;

− акыркы үч ай ичинде төлөмдөр графикке ылайык өз учурунда толук төлөнсө;

− карызгерде реструктуризациялоо шарттарынын сакталбай калышына алып келген жагдайлар жок болсо.

7.7. Классификацияланган активдерди классификацияланбаган категориясына которуу төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана жол берилет:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жок болсо;

− карызгерде реструктуризациялоо шарттарынын сакталбай калышына алып келген жагдайлар жок болсо.

«Шектүү» же «жоготуу» катары классификацияланган активдер боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык карыз орду жабылган шартта, алар «субстандарттык» категориясына которулат.»;

− 9.2-пункттун «б» пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«б) менчик укугу келип чыккандан кийинки үч жыл – Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен айыл чарба багытындагы жерлерге коюлган мөөнөттөрдөн башка кыймылсыз мүлк үчүн.»;

− 13.4-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«13.4. Улуттук банк активдер боюнча РППУга чегерүүлөрдүн төмөнкүдөй өлчөмдөрүн белгилейт:

| **Жалпы камдар** | | **Атайын камдар** | |
|---|---|---|---|
| Нормалдуу | 0% | Субстандарттык | 15/25%; |
| Канааттандырарлык | 1/2/2,5% | Шектүү | 50%; |
| Байкоо алдындагы активдер | 5/10/15% | Жоготуулар | 100%. |

Банк, Жобонун 4.2-пунктунун 4.2.3-пунктчасында көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 2,5% түзүүгө тийиш болгон, ошондой эле. 2-пунктунун 4.2.3-пунктчасында көрсөтүлгөн, РППУ өлчөмү 1% түзүүгө тийиш болгон активдерди эске албаганда, «канааттандырарлык» активдер боюнча 2% өлчөмдө РППУ түзүүгө тийиш.

Банк, ушул Жобонун 4.3.-пунктунун 4.3.4-пунктчасында көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 10% түзүүгө тийиш болгон активдер эске албаганда, «байкоого алынган активдер» боюнча 5% өлчөмүндө РППУ түзүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Өнүктүрүү банкы «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык РППУ түзөт жана ага чегерип турат.».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 29-августундагы № 36/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын жана микрофинансылык компанияларынын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобонун:

− 5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«5. Банк, колдонуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген айыл чарба багытындагы жерлерди эске албаганда, башка кыймылсыз мүлктү менчикке укук келип чыккандан кийинки үч жылдан ашык мөөнөткө кармап тура албайт. Бул учурда банк сатып алуучуну издөө демилгесин көтөрүүгү тийиш.

Сот тарабынан банктын башка менчигине арест коюлган учурда, жогоруда белгиленген мөөнөт, арест алынып салынганга чейин токтотулат.»;

− төмөнкү мазмундагы 31-1 жана 31-2 пункттар менен толукталсын:

«31-1. Банк финансылык ижара келишимин/кыймылсыз мүлктү бөлүп төлөө шартында сатуу келишимин же ушундай эле башка келишимди, ошол мүлктү кредит боюнча карыз ордун жабуунун эсебинен банк балансқа кабыл алып жаткан учурда, мүлк ээси болуп саналган жак менен түзүү учурунда банк Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 токтому менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу, жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» Жобо ылайык, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга 25% өлчөмүндө кам түзүү менен ошол активди (башка менчикти) «субстандарттык» катары классификациялайт. Жаңыдан түзүлгөн келишим боюнча төлөмдөрдү кечиктирүү жана графикти бузууга жол берүү орун алган шартта, классификация Улуттук банк тарабынан белгиленген талаптарга ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

31-2. Банк, кыймылсыз мүлктү балансына кабыл алууга жана аны ыйгарып берүү келишиминде көрсөтүлгөн, мурда берилген кредиттин ордун жабуу эсебинде «башка менчик» катары эсепке алууга укуктуу. Мында, ыйгарып берүү келишиминде банк менен күрөө коюучу ортосунда макулдашылган мөөнөттө жана күрөө коюучунун жана/же карыз алуучунун милдеттенмеси суммасы боюнча мурда берилген кредиттин ордун жабуу эсебинен кабыл алынган кыймылсыз мүлктүн ээси болуп саналган жакка (адамга) банктын сатуу милдеттенмеси да камтылууга тийиш.

Ыйгарып берүү келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө банктын башка менчиги сатып өткөрүлбөсө жана/же финансылык ижара келишими же кыймылсыз мүлктү бөлүп төлөө шартында сатуу

келишими же ушундай эле башка келишимдер токтотулган шартта, банк мындай менчикке көз карандысыз баа берүүнү ишке ашырып, аны жобого ылайык эсепке алууга тийиш.».

3. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобо:

− төмөнкү мазмундагы 3-1-пункт менен толукталсын:

«3-1. Кайра каржылоо – бул, колдонуудагы активдин ордун толугу менен жабуу же анын бөлүгүн төлөө үчүн тиешелүү жаңы келишимди түзүү.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга чегерүүлөр жөнүндө” жобонун:

− 12-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 22-2-пункт менен толукталсын:

“22-2. Банк, эгерде эффективдүү пайыздык чен кредит берүү учурунда Улуттук банк тарабынан жарыяланган чет өлкө валютасында берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченден 2 пайыздык пунктка төмөн болгон болсо, карыз алуучунун киреше түзүмүнө карабастан, чет өлкө валютасындагы кредит боюнча 1% өлчөмүндө РППУ түзүүгө тийиш (*).

(*) Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченге тиешелүү маалымат Улуттук банктын www.nbkr.kg дареги боюнча_расмий сайтында жайгаштырылган.”;

− 23-пункттун:

он экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

“- реструктуризациялоо күнүнө карата классификацияланган активдер белгисине ээ болбогон реструктуризацияланган актив;”

− 23-пункт төмөнкү мазмундагы он үчүнчү абзац менен толукталсын:

“- жобонун 34-4-пунктунун шарттарына кирген классификацияланган активдерди реструктуризациялоо;”;

− 24-пункттун:

үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы жана жетинчи абзацтарындагы “60 күн” деген сөздөр “90 күн” дегенге алмаштырылсын;

он биринчи абзацындагы “30” деген сан “60” дегенге алмаштырылсын;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 24-2 жана 24-3-пункттар менен толукталсын:

“24-2. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 90 күнгө узарып кеткен шартта, актив “субстандарттык” катары классификациялануууга тийиш. Жобонун 21-пунктуна ылайык күрөөлүк камсыздоого ээ активдерди эске албаганда, мындай активдин сапаттык белгилери активди классификациялоо категориясын жакшырта албайт.

24-3. Эгерде «байкоого алынган актив катары» классификацияланган реструктуризацияланган актив боюнча төлөө мөөнөтү 30 күндөн көбүрөөк кечиктирилсе же ошол актив кайрадан реструктуризацияланган болсо, анда мындай актив «субстандарттык» катары классификациялануууга тийиш.

Мында, ошол «субстандарттык» актив анын суммасынын эң аз дегенде 120%ын түзгөн кыймылсыз мүлк түрүндөгү күрөө менен камсыздалган болсо, анда банк кайрадан реструктуризациялагандан кийинки бир жыл ичинде 15% өлчөмүндө РППУ түзүшү мүмкүн.”;

− 25-пункттун:

үчтөн жетиге чейинки абзацтарында кездешкен “60 күндөн 90 күнгө чейин” деген сөздөр “90 күндөн 180 күнгө чейин” дегенге алмаштырылсын;

− пункт төмөнкү мазмундагы он төртүнчү, он бешинчи жана он алтынчы абзацтар менен толукталсын:

“- карызды төлөө негизинен күрөөнүн сатып өткөрүлүшүнө жараша болот. Мында, күрөө карыздын негизги суммасын, келишимге ылайык бардык пайыздарды жана күрөөлүк укуктарды сатып өткөрүүгө байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон бардык чыгымдардын ордун жабуу үчүн жетиштүү өлчөмдөгү сатууда өтүмдүү кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк формасындагы болууга тийиш. Күрөө төмөнкү мөөнөттөрдө сатып өткөрүлүшү болжолдонууда:

а) кыймылсыз мүлк – 365 күндөн кечиктирбестен;

б) кыймылдуу мүлк - 120 күндөн кечиктирбестен.”;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 25-1-пункт менен толукталсын:

“25-1. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 180 күнгө созулуп кеткен шартта, актив «шектүү» катары классификациялanuuга тийиш. Жобонун 21-пунктуна ылайык күрөөлүк камсыздоого ээ активдерди эске албаганда, мындай активдин сапаттык белгилери активди классификациялоо категориясын жакшырта албайт.”;

− 26-пункттун:

үчтөн жетиге чейинки абзацтарында кездешкен “90 күн жана андан ары” деген сөздөр “180 күндөн 360 күнгө чейин” дегенге алмаштырылсын;

он үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

“- кардардын бизнеси токтосо же ал банкрот деп жарыяланса;”;

он бешинчи абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 26-1-пункт менен толукталсын:

“26-1. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз 360 күнгө созулуп кеткен шартта, актив «жоготуу» катары классификацияланууга тийиш. Жобонун 21-пунктуна ылайык күрөөлүк камсыздоого ээ активдерди эске албаганда, мындай активдин сапаттык белгилери активди классификациялоодо эске алынбайт.”;

− 32-пункттун “б” пунктчасы төмөнкү мазмунда берилсин:

“б) алар боюнча мөөнөттөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген айыл чарба багытындагы жерлерди эске албаганда, кыймылсыз мүлк үчүн - менчик укугу келип чыкан учурдан тартып үч жыл.”;

− 8-бөлүк төмөнкү редакцияда берилсин:

“8. Реструктуризацияланган активдерди классификациялоо

33. Реструктуризацияланган активдер - бул, банк келишим шарттарына буга чейин жөнгө салынгандардан айырмаланган өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же каржылоо келишимге карата кошумча келишим түзүү аркылуу) кардарга өз алдынча преференция (жеңилдик) берүү менен сунушталган каржылоо. Мында, негизги карыз суммасын жана/же үстөк бааны төлөгөнгө чейин үстөк бааны жана/же каржылоо мөөнөтүн өзгөртүү келечекте күтүлүп жаткан акчалай агымдын өзгөрүшүнө алып келет.

Реструктуризация дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүү зарыл:

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу, ага каржылоону төлөө боюнча мурдагы тажрыйбадан айырмаланган, алда-канча ыңгайлуу шарттарды сунуштоо аркылуу, колдонуудагы келишим шарттарын өзгөртүү;

− негизги каржылоо суммасынын бөлүгүн эсептен алып салуу (кечүү) аркылуу келишим шарттарын өзгөртүү.

Каржылоо келишиминин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү жана анын кайра каржыланшы жана бул кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланышпаса, активди реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, актив валютасын чет өлкө валютасынан улуттук же башка валютага которуу).

34. Эгерде классификацияланбаган актив боюнча реструктуризациялоо ишке ашырылып жана акыркы 3 ай ичинде кеминде бир жолу төлөмдөрдү төлөө толугу менен же алардын бөлүгү 30 күндөн көбүрөөк кечиктирилген болсо, анда бул жагдай реструктуризацияланган актив боюнча кардар финансылык кыйынчылыкка дуушар болушу ыктымалдыгын шарттаган көрсөткүч болуп эсептелинет.

34-1. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

34-2. Классификацияланган реструктуризацияланган актив Жобонун 34-4-пунктунун шарттарын аткарганга чейин классификацияланбаган активдерге чегерилүүгө тийиш эмес.

34-3. Кардар финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда ошол каржылоо боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен карыздын бир бөлүгүн төлөө аркылуу кредиттик келишимге өзгөртүүлөрдүн киргизилиши, каржылоону реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.

34-4. Банк, төмөнкү шарттар аткарылган болсо классификацияланган активди «байкоого алынган актив» категориясына которушу мүмкүн:

- мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жок болсо;
- акыркы үч ай ичинде төлөмдөр графикке ылайык өз учурунда толук төлөнсө;
- кардарда реструктуризациялоо шарттарынын сакталбай калышына алып келген жагдайлар жок болсо.

35-4. Активдерди классификацияланбаган активдер категориясына которуу төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана ишке ашырылат:

- мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жок болсо;
- кардар акыркы үч ай ичинде төлөмдөрдү графикке ылайык өз учурунда толук төлөгөн болсо;

Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык карыздардын орду жабылган шартта, «шектүү» же «жоготуу» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат.";

- 47-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"47. Улуттук банк активдер боюнча РППУга чегерүүлөрдүн төмөнкүдөй өлчөмдөрүн белгилейт:

| **Жалпы камдар** | | **Атайын камдар** | |
|---|---|---|---|
| Нормалдуу | 0% | Субстандарттык | 15/25%; |
| Канааттандырарлык | 1/2/2,5% | Шектүү | 50%; |
| Байкоо алдындагы активдер | 5/10% | Жоготуулар | 100%. |

Банк, Жобонун 22-1-пунктунда көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 2,5% түзүүгө тийиш болгон, ошондой эле 22-1-пунктунда

көрсөтүлгөн, РППУ өлчөмү 1% түзүүгө тийиш болгон активдерди эске албаганда, «канааттандырарлык» активдер боюнча 2% өлчөмдө РППУ түзүүгө тийиш.

Банк, ушул Жобонун 23-2-пунктунда көрсөтүлгөн, алар боюнча РППУ өлчөмү 10% түзүүгө тийиш болгон активдер эске албаганда, «байкоого алынган активдер» боюнча 5% өлчөмүндө РППУ түзүүгө тийиш.”.

5. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/13 “Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобону бекитүү туралуу” токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобо:

− төмөнкү мазмундагы 3-1-пункт менен толукталсын:

“3-1. Кайра каржылоо – бул, колдонуудагы активдин ордун толугу менен же анын бир бөлүгүнүн ордун жабуу үчүн тиешелүү жаңы келишим түзүү.”;

− 34-пункттун 10-абзацындагы “камтыган активдердин” деген сөздөр “бир гана” деген сөздөр менен толукталсын.

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/5**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна сунушталган толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусун, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна караштуу Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондусун, Кыргыз Республикасында Депозиттерди коргоо агенттигин, «Борбордук депозитарий» ЖАКты, ошондой эле Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/5**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоолор

Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобонун:

− 21-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусу» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна караштуу Мамлекеттик топтоо пенсиялык фондусу» деген сөздөр менен толукталсын;

− 31-пунктундагы:

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна» деген сөздөр «, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна караштуу Мамлекеттик топтоо пенсиялык фондусуна» деген сөздөр менен толукталсын;

«Улуттук банк менен мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда иш алып барууга келишим түзгөн Институционалдык инвестор» деген

сөздөрдөн кийин «(ушул жобого карата 1-1-тиркеме)» деген сөздөр менен толукталсын;

− 8-глава төмөнкү мазмундагы 91, 92, 93-пункттар менен толукталсын:

«91. Автоматташтырылган тоорук системасында аукцион өткөрүү мүмкүн болбогон жагдайда (системанын ишинде техникалык мүнөздөгү үзгүлтүктөр келип чыккан жана/же башка себептерден улам) Улуттук банк тике катышуучуларга аукцион өткөрүү мүмкүн эместиги туралуу маалымдайт. Мындай учурда мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу/кошумча жайгаштыруу боюнча аукцион, тике катышуучунун жетекчиси кол койгон, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн кагаз жүзүндөгү билдирмесинин негизинде EXCEL программалык камсыздоосу аркылуу ишке ашырылат (ушул жобого карата 3-тиркемеси);

92. Конвертке салынган кагаз жүзүндөгү билдирме аукцион өткөрүлүүчү күнү саат 12:00гө чейин Улуттук банкка сунушталууга тийиш. Билдирмелер Улуттук банктын Бишкек шаары, Чүй проспекти 168 дареги боюнча жайгашкан имаратынын 1-кабатындагы 117-бөлмөнүн жанында жайгаштырылган «мамлекеттик баалуу кагаздар аукционуна билдирмелер үчүн» деп жазылган үкөккө салынышы зарыл. Билдирмелер атайы каралган журналда катталат;

93. Аукциондун жыйынтыгы (ушул жобого карата 4-тиркеме) анын тике катышуучуларына факсимиль байланышы аркылуу, ал эми кагазга чыгарылган варианты Улуттук банктын экспедициясы аркылуу жөнөтүлөт.»

− жобо төмөнкү мазмундагы 1-1, 3, 4- тиркемелер менен толукталсын:

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын 26-июнундагы
№ 20/1 «Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн мамлекеттик
баалуу кагаздарын Кыргыз
Республикасынын Улуттук банкы
аркылуу жайгаштыруу, кайталап
сунуштоо, кошумча жайгаштыруу,
кайтара сатып алуу жана алар
менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү
тартиби жөнүндө” жобону бекитүү
тууралуу» токтомуна карата
1-1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда институционалдык инвестор ________________________________иш алып баруусу тууралуу №_____ келишим**

Бишкек шаары -ж. «____» ________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдын жана 20__-жылдын «___»_______ №___ буйруктун негизинде иш алып барган, Улуттук банктын Төрагасынын орун басары ___________________________ _____ бир тараптан, мындан ары «Кардар» деп аталуучу, уставдын негизинде иш алып барган _____________________________________ атынан _______________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар, Улуттук Банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого (мындан ары – жобого) таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түзүштү:

## 1. Келишим предмети

1.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул жобого ылайык Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар (мындан ары - МБК) рыногунда тике катышуучу катары Кардардын иш алып баруусу, келишим предметинен болуп саналат.

## 2. Кардардын укуктары

Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:

2.1. Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу МБКны өз атынан жайгаштыруу, кошумча жайгаштыруу, кайталап сунуштоо жана кайтара сатып алуу аукциондоруна түздөн-түз катышууга.

2.2. Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу МБКнын экинчилик рыногунда өз атынан операцияларды жүргүзүү.

2.3. МБКны жайгаштыруу, кошумча жайгаштыруу, кайталап сунуштоо жана кайтара сатып алуу аукциондорунун параметрлери жана анын жыйынтыгы боюнча маалыматтарды алуу.

## 3. Кардардын милдеттери

Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык МБК рыногунда иш алып барууга.

3.2. МБК аукционунда утушка ээ болгон билдирмелер эмиссиясы күнү жана/же МБКны кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруу да төлөө үчүн күндөлүк эсепте жетиштүү көлөмдө акча каражаттарынын болушун камсыз кылууга. Күндөлүк эсепте акча каражаттары жетишсиз болуп калган шартта билдирме жокко чыгарылып, Кардар утушка ээ болгон билдирмеде көрсөтүлгөн МБКнын номиналдык наркынын бир пайыз өлчөмүндө айыптык төлөм төлөөгө тийиш. Айыптык төлөмдү төлөгөнгө чейин Кардарга кийинки аукциондорго катышууга жана МБКны кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруусуна жол берилбейт.

3.3. Улуттук банк тарабынан белгиленген форматта отчетторду, ошондой эле тике катышуучу катары Кардардын иш алып баруусуна тиешелүү башка маалыматтарды Улуттук банктын жана/же Кыргыз

Республикасынын Финансы министрлигинин (мындан ары – Финансы министрлиги) талабы боюнча өз учурунда сунуштап туруугa.

3.4. Ушул келишимге кол коюлгандан кийинки эки жумуш күнү ичинде МБК аукционуна катышууга жана/же аларды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштырууга билдирмеге кол коюуга ыйгарым укуктуу адамдарга берилген ишеним катты жана алардын тизмесин Улуттук банкка берүүгө. Ушул пунктта көрсөтүлгөн ыйгарым укук башка адамдарга чегерилсе, андан кийинки эки жумуш күнү ичинде ишеним катты жана жаңы тизмени Улуттук банкка сунуштоого.

3.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, анын ичинде жогоруда аталган жобого, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/18 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын автоматташтырылган тоорук системасынын иши жөнүндө» жобого ылайык, МБКлар менен жарандык-укуктук бүтүмдөргө келишүүгө.

## 4. Улуттук банктын укуктары

Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1. Кардардын МБК рыногунда иш алып баруусуна көзөмөлдүктү жүргүзүүгө, анын ичинде жеринде барып текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу көзөмөлдүккө алууга.

4.2. МБКнын Башкы депозитарийи катары иш алып барууга.

4.3. МБК аукционуна катышууга жана/же аларды кошумча жайгаштырууга канааттандырылган (толук көлөмдө же алардын бир бөлүгү өлчөмүндө) билдирмелердин негизинде Кардардын күндөлүк эсебинен Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын Улуттук банктагы күндөлүк эсебине акча каражаттарын которууга.

4.4. Белгиленген формадагы отчеттордун, ошондой эле Улуттук банкка жана/же Финансы министрлиги талап кылган болгон, Кардардын ишине байланыштуу башка маалыматтардын өз учурунда берилишин талап кылууга.

4.5. Кардарга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чараларды колдонууга.

## 5. Улуттук банктын милдеттери

Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

5.1. Жүгүртүүдөгү МБКны так жана толук эсепке алынышын камсыз кылууга.

5.2. МБК аукциондорунун параметрлерин жана аларды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруу боюнча маалыматтарды жарыялап, Улуттук банктын сайтында жайгаштырууга.

5.3. МБК аукциондору өткөрүлүп жана/же аларды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштырылгандан кийин алардын жыйынтыгы боюнча маалыматтарды белгиленген тартипке ылайык Кардарга сунуштоого.

5.4. МБК төлөнгөн күнү Жобонун 87-пунктунун негизинде Финансы министрлиги тарабынан төлөнгөн МБК эмиссиясынын Кардардын депо-эсебинде эске алынган номиналдык наркын чегерүүгө.

5.5. Финансы министрлиги тарабынан Жобонун 87-пунктуна ылайык МБК боюнча купондук төлөмдөр төлөнгөн күнү, Кардардын депо-эсебинде эсепке алынган, МБКнын санына дал келген купон боюнча төлөө суммасын Кардардын Улуттук банктагы эсебине чегерүүгө.

5.6. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, маалыматтарды чечмеленип берилиши жагдайын эске албаганда, Кардардын МБК менен операциялары боюнча маалыматтардын купуя сакталышын камсыз кылууга.

## 6. Тараптардын жоопкерчилиги жана талаш маселелерди чечүү тартиби

6.1. Кардардын эсебинен каражаттардын туура эмес эсептен алынып салынышы, ошондой эле тиешелүү суммалардын Улуттук банк тарабынан кечиктирилип же туура эмес чегерилиши учурунда, Улуттук банк Кардардын пайдасына ар бир кечиктирилген күн үчүн чегерилбей калган суммадан (же ашыкча алынып коюлган суммадан) 0,1% өлчөмүндө туум төлөөгө тийиш.

6.2. Кардар жаңылыш чегерилген суммалар тууралуу маалымдап, аларды Улуттук банкка кайтарып берүүгө милдеттүү. Жаңылыш чегерилген суммалар кайтарылып берилбесе, Кардар ошол суммадан 0,1% өлчөмүндө ар бир күн үчүн туум төлөйт.

6.3. Тараптар өз милдеттерин аткарбай койгондугу же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

6.4. Ушул келишимди аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимди иштеп чыгуу максатында сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

6.5. Жөнгө салынбаган талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилиши зарыл.

6.6. Бул жагдай Финансы министрлиги тарабынан эмитирлеген МБК боюнча милдеттенмелердин же Жобонун 85 жана 88-пункттарынын ал тарабынан аткарылбай калышынан улам келип чыкса, Улуттук банк милдеттенмелердин аткарылбай калышы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 7. Келишимди колдонуу мөөнөтү жана аны токтотуу тартиби

7.1. Келишим ага кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет жана бир календардык жыл ичинде колдонулат.

7.2. Эгерде, тараптардын бири келишим мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 календардык күн мурда келишимди токтотуу ниетин кат жүзүндө билдирбесе, келишим ар бир кийинки календардык жылга дароо узартылган катары эсептелинет.

7.3. Келишим Улуттук банктын сыяктуу эле, Кардардын демилгеси боюнча да токтотулушу мүмкүн.

7.4. Кардар келишим боюнча өз милдеттерин аткарбай койсо же талаптагыдай аткара албай калса, Улуттук банк ага бул тууралуу алдын ала маалымдоосуз эле, келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу.

## 8. Башка шарттар

8.1. Жобонун 31-пунктуна ылайык, Кардар Келишим түзүлгөндөн кийин жана ал автоматташтырылган тоорук системасына туташкан шартта, ага «тике катышуучу» статусу ыйгарылат.

8.2. МБК аукциондоруна катышуусунун жана/же МБКны кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруусунун жыйынтыгы боюнча анын Улуттук банктагы эсебинен акча каражаттарын акцептсиз тартипте эсептеп алып коюуга Кардар Улуттук банкка укук чегерет.

8.3. Келишим шарттарына тараптардын өз ара макулдугунун негизинде өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

8.4. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип же анын жаңы редакциясы кабыл алынган учурда, анын шарттары кайрадан каралууга тийиш.

8.5. Келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, алар кат жүзүндөгү кошумча келишим аркылуу тариздетилет жана ага тараптар кол коюуга тийиш. Кошумча келишим ушул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

8.6. Келишим ар бир тарап үчүн бирден, бирдей юридикалык күчкө ээ, мамлекеттик жана расмий тилде эки нускада түзүлгөн.

**Тараптардын реквизиттери:**

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы** | ______________________________ |
| 720001, Бишкек шаары,<br>Чүй проспекти, 168 | (Почта индекси, дареги) |
| (Кызмат орду)<br>(Аты-жөнү)<br>_________________________ М.О | (Кызмат орду)<br>(Аты-жөнү)<br>_________________________ М.О |

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын 26-июнундагы
№ 20/1 «Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн мамлекеттик
баалуу кагаздарын Кыргыз
Республикасынын Улуттук
банкы аркылуу жайгаштыруу,
кайталап сунуштоо, кошумча
жайгаштыруу, кайтара сатып алуу
жана алар менен эсептешүүлөрдү
жүргүзүү тартиби жөнүндө”
жобону бекитүү тууралуу»
токтомуна карата 3-тиркеме

## МКВ/МКО аукционуна катышууга билдирме

Мындан ары - «Катышуучу» деп аталуучу [Аукциондун тике катышуучунун аталышы/аты-жөнү] ушул аркылуу төмөнкү шарттарда өткөрүлүүчү аукциондо [аукцион өткөрүлгөн күнү]__________________ каттоо номериндеги МКВ/МКОну сатып алуу ниетин билдирет.

**өз атынан:**

| **Өзүнүн билдирмеси** | | | |
|---|---|---|---|
| ***Атаандаштык билдирмеси*** | | | |
| Лот № | Сатып алуу баасы | МКВ/МКОнун саны (даанада) | Сатып алуу наркы |
| 1 | 2 | 3 | 4=2*3 |
| | | | |
| | | | |
| ***Атаандаштык эмес билдирме*** | | | |
| МКВ/МКОнун саны | | | |
| | | | |

**өз кардарларынын атынан:**

| **Өзүнүн билдирмеси** |
|---|
| ***Атаандаштык билдирме*** |

| Лот № | Сатып алуу баасы | МКВ/МКОнун саны (даанада) | Сатып алуу наркы |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4=2*3 |
| | | | |
| ***Атаандаштык эмес билдирме*** | | | |
| МКВ/МКОнун саны | | | |
| | | | |

Катышуучу аукцион өткөрүү эрежелери менен таанышып чыккан жана андан улам келип чыккан милдеттенмелерди кабыл алат.

| ___________ | ___________ | ___________ | ___________ |
|---|---|---|---|
| (кызмат орду) | (кол тамгасы) | (аты-жөнү) | Күнү |

2013-жылдын 26 - июнундагы
№ 20/1 токтому менен бекитилген
«Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
Улуттук банк аркылуу
жайгаштырылуучу мамлекеттик
баалуу кагаздарын жайгаштыруу,
кайталап сунуштоо, кошумча
жайгаштыруу, кайтара сатып алуу
жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү
жөнүндө» жобого карата 4-тиркеме

_____________________

*(Катышуучунун аталышы/
аты-жөнү)*

## БИЛДИРҮҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ушул аркылуу, 20__ж. «____» ___________ өткөрүлгөн МКВ/МКОну сатуу боюнча аукциондун жыйынтыгына ылайык, Сиздин билдирмеңиз төмөнкү көлөмдө канааттандырылгандыгын маалымдайт.

| Каттоо номери | Атаандаштык билдирме | | Атаандаштык эмес билдирме | | Бардыгы болуп | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | МКВ/ МКОнун саны (даанада) | Суммасы | МКВ/ МКОнун саны (даанада) | Суммасы | МКВ/ МКОнун саны (даанада) | Суммасы |
| | | | | | | |

**20___ж. «____»** ___________ өткөрүлгөн *МКВ/МКО боюнча АУКЦИОНДУН ЖЫЙЫНТЫГЫ*

| Каттоо номери | Жарыяланган көлөм | Суроо-талап көлөмү | | Сатуу көлөмү | | Баасы | | | Киреше-лүүлүгү (%) | Катышуучулардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Бардыгы болуп | анын ичинде, атаанд. эмес | Бардыгы болуп | анын ичинде, атаанд. эмес | макс. | орто | мин. | | |
| | | | | | | | | | | |

Кайра каржылоо жана баалуу
кагаздарды жайгаштыруу бөлүмүнүн начальниги

______________ ______________
(кол тамгасы) (аты-жөнү) »

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/6**

## Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 27-августундагы № 22/9 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишинде сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен түзүлгөн негизги документтер тизмеги жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 27-августундагы № 22/9 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишинде сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен түзүлгөн негизги документтер тизмеги жөнүндө” токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) киргизилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− токтом расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн аны Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 22-февралындагы № 6/6**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 27-августундагы № 22/9 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишинде түзүлгөн, сактоо мөөнөтү көрсөтүлгөн негизги документтер тизмеги жөнүндө" токтомуна өзгөртүү жана толуктоо

Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 27-августундагы № 22/9 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелердин ишинде сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен түзүлгөн негизги документтер тизмеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелердин ишинде сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен түзүлгөн негизги документтер тизмегинде:

− 15, 114, 129, 403, 406, 407- пункттар төмөнкү редакцияда берилсин:

| | | |
|---|---|---|
| «15 | Иш маселелери боюнча мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен кат алышуулар»; | 5 жыл |
| «114 | Финансы-кредит маселелери жана лизинг боюнча кат алышуулар»; | 6 лет ЭТК |
| «129 | Күрөөгө коюлган мүлктү эсепке алуу боюнча кредиттерге карата билдирмелерди каттоо журналы»; | 6 жыл |

| | | |
|---|---|---|
| «403 | Бөөдө кырсыктарды каттоо журналы, коопсуздук техникасы боюнча түшүндүрмө берүү жана коопсуздук техникасы боюнча билимин текшерүү журналы»; | 10 жыл |
| «406 | Терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жана акчалардын “изин жашыруу” маселелери боюнча кат алышуулар»; | 5 жыл ЭТК |
| «407 | Таркатылышына чектөөлөр белгиленген документтер менен таанышуу жана кеңири таркатылууга тийиш болбогон маалыматтар камтылган документтер менен иштөө эрежелерин бузууга жол берилгендиги боюнча маалыматтар (актылар, даттануу кагаздары, кат алышуулар)»; | 5 жыл ЭТК |

- Тизмек төмөнкү мазмундагы “Төлөм системасы” деп аталган 16-бөлүк менен толукталсын:

**«16. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ**

| | | |
|---|---|---|
| 534 | Төлөм системалары маселелери боюнча кат алышуулар | 6 жыл |
| 535 | Төлөм системалары маселелери боюнча документтер (докладга тиешелүү тил каттар, маалым каттар, жалпы баяндама, талдап-иликтөөлөр) | 6 жыл |
| 536 | Банктык карттарды чыгаруу жана коштоп жүрүү, ошондой эле АТМ техникалык колдоо боюнча документтер (өтүнүч каттар, анкеталар, отчеттор) | 6 жыл |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 537 | Пластик карттары боюнча бухгалтердик документтер (карт-эсептерин толуктоо жана өз ара эсептешүү боюнча билдирүү) | 6 жыл | |
| 538 | Овердрафт, овердрафт боюнча мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыз боюнча отчеттор | 6 жыл | |
| 539 | Банкоматта нак акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттор | 6 жыл | |
| 540 | Банкоматтарга кассеталарды жүктөө жана алуу актылары | 3 жыл | |
| 541 | Банкоматтарга кассеталарды жүктөө жана алуу квитанциялары | 1 жыл | |
| 542 | Төлөм карттары, эквайринг боюнча келишимдер | 6 жыл | келишимдин мөөнөтү бүткөндөн кийин |

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик архив кызматынын Эксперттик-текшерүү комиссиясынын
____ –жылдын «___» __________
отурумунан толтурулган
№_____ протокол».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 24-февралындагы № 7/1**

## Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 “Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 “Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

− 3-1-пункттагы «1-март» деген сөз «1-июнь» дегенге алмаштырылсын.

2. Юридика башкармалыгы:

− бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомдун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн аны Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү бул токтом менен Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Төлөм системалары башкармалыгы бул токтом менен республиканын иштеп жаткан коммерциялык банктарын, төлөм

системасынын операторлорун жана эл аралык электрондук акча системаларын тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2017-жылдын 27-февралындагы № 8/3**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 19 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 5,00 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2017-жылдын 28-февралынан тартып күчүнө кирет.

3. Экономика башкармалыгы токтом кабыл алынган күндөн кийинки жумуш күнү ичинде эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматтын Улуттук банктын расмий веб-сайтында жайгаштырылышын камсыз кылсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н.Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

